**Кош-Коргон айылындагы Туйту Каракеев атындагы орто мектебинин китепканасынын китеп фонду боюнча 2021-2022-окуу жылы боюнча маалымат.**

Китепкана фонду- 2385 окуу китеби

Көркөм адабият- 500 даана

Методикалык китепче -150

2021-2022-окуу жылында 1-классы окуу китептери менен толук камсыз болду.

2а,б-класстарынын окуу китептери толук эмес.Себеби эки класс болгондуктан китептер жетишсиз.

Ал эми 3а,3б-класстары да окуу китептери менен 60,4% камсыз болду.Себеби, параллель класс болгондуктан окуу китептери жетишсиз.Өкмөттөн келген китептер 20-25 окуучуга эле жеткидей берилет.Башталгыч класстарынын окуу китептеринин сакталышы абдан начар,бирден бир себептеринин бири китептер көп баракталып, көп окулгандыктан.Жетпеген китептер боюнча Гороного жылына 2 жолудан заявка берилет.

4-классынын  окуучуларынын контингенти 20-25-балага чейин болгондуктан окуу китептери менен 90% камсыз болду .

5а,б-класстарына Билим берүү жана илим министрлиги тарабынан  “Жаңы китеп” долбоору боюнча жаңы китептер келген.Ар бир китепке 25 сом өлчөмүндө ижара акы төлөнөт. “Жаңы китеп” долбоору ар бир предмет боюнча 35 даанадан  китеп келди.5-класста  40 окуучу болгондуктан окуу китептери менен толук камсыз болушкан жок.Камсыз болуусу 66,5%түзөт.

6-классына да “Жаңы китеп” долбоору боюнча окуу китептери келген.6-классы бир  класс болгондуктан окуу китептери менен толук камсыз болду . Ал эми инвалид справкасы бар окуучулар 100% жеңилдик алат.”Жаңы китеп” долбоору боюнча ижара акысы төлөнгөндүктөн ар бир окуучунун ата-энеси менен ижара келишими түзүлүп, банк аркылуу ижара акысы төлөнүлүп келингенден кийин окуучуга  окуу китептери берилет.

7-классы  эки  класс болгондуктан окуу китептери жетиштүү эмес.Бирок кыргыз адабияты, физика китептери жок.Кыргыз адабияты, физика китептеринин  эскилиги жетип,окууга жараксыз,программага туура

келбейт.Кыргыз тили китебинин да эскилиги жетип калган болсо да колдонууга жарагандыктан окулуп жатат.

8-классы бир класс  окуу китептери менен 55% камсыз болгон.Бул класска орус тили,физика, алгебра китептери жетишсиз. Орус тили китебинен 15 даана эле болгондуктан үч класска бөлүү керек болот.Физика китеби жок.Алгебра китеби списанияга чыгарылган жараксыз китептер менен окуп жатышат.Жаңы келген китептер программага туура келбейт.Жетпеген китептерге заявкалар берилип турат.

9-классына окуу китептери жетишсиз.Орус тили,химия,физика китептери.Окуу китептери менен камсыз болуусу 71,1% түзөт.

10-классы окуу китептери менен толук камсыз болушпайт.Алгебра китеби жетишсиз,китепканада турган китептер программага туура келбейт.Кыргыз тили 10 даана эле.Эскилиги жеткен, списаниеге чыккан окуу китептерин колдонууга туура келет.10-классынын химия китеби жок,биология китеби 10 даана.Ошол себептен да окуучулар окуу китептери менен толук камсыз болгон  эмес.


11-классы окуу китептери менен 34,8% камсыз болгон.Автору Колмогоров алгебра китеби жок.Китепканада бар китеп программага туура келбейт.Бул класска да биология китеби жетишсиз.Китепкана фондусунда 10 даана китепти үч класска бөлүп берүүгө туура келет.

Башталгыч класстардан жетпеген китептер айрым ата-энелер тарабынан алынып берилди.

7-9-класстарына информатика китеби 100 даана  келди.Китептер класстарга таратылып берилди.Китептер “Жаны китеп” долбоору боюнча ар бир китепке 25 сомдон ижара төлөнөт.Ижара акысы боюнча класс жетекчилерге маалымат берилген.

Китепканачы Акматова А.

**1-11класстарынын окуучуларынын  китеп менен камсыздалышы**




**Звенолор боюнча мониторинги**

